ЖАКТЫРЫЛДЫ
НМКнын Педагогикалык кеңешинин
чечими менен
№__ протоколу
"__" __12__ 20__ -ж

БЕКИТИЛДИ
Нарын медициналык колледжинин
директорунун № __ буйругу менен
"__" __12__ 20__ -ж

**Нарын медициналык колледжинин студенттерине жеңилдик берүү жобосу**

**1.Жалпы жобо.**

1.1. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.04.2003-жылдагы №53 токтому менен бекиген "Кыргыз Республикасындагы жогрку жана орто кесиптик билим берүүчү уюмдар жөнүндө" Жобого ылайык Нарын медициналык колледжинде бюджеттик жана келишимдик негизде билим алган студенттерди социалдык колдоо көрсөтүү боюнча төмөнкү тутум сунушталат.
1.2. Социалдык колдоо келишимдик негизде билим алган студенттердин жылдык төлөмүнө жеңилдик берүү жана жардамга муктаж болгон студенттерге материалдык жардам көрсөтүү категорияларды өзүнө камтыйт.

**2.Социалдык колдоо көрсөтүүнүн шарттары.**

2.1.Социалдык колдоо күндүзгү бөлүмүндө билим алган студенттердин төмөнкү категорияларына көрсөтүлүшү мүмкүн:

- Толук жетимдер же ата-энесинин камкордугусуз калган студенттерге, жаш курагы 21 жашка чейин болсо;
- 1 жана 2-топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерге;
- Студенттин ата-энеси колледждин штаттык кызматкери болсо жана ал студент кызматкердин багуусунда болуп, жаш курагы 21 жашка чейин болсо; мында колледждин кызматкеринин эки же андан көп балдары келишимдик негизде билим алып жатса, аларга окуу үчүн жылдык төлөм бир гана балага жеңилдик белгилениши мүмкүн;
- Үй-бүлөлүү студент (аялы жана күйөсү) болуп , экөө тең келишимдик негизде окуса, аларга окуу үчүн жылдык төлөм бирөөнө гана төлөнүшү мүмкүн;
- Шаардык, облустук деңгээлдеги спорттук мелдештерге НМКнын атынан активдүү катышкан спортчу студенттерге;

2.2. Социалдык колдоо төмөндөгүдөй түрдө көрсөтүлөт:
Ушул жобонун 2.1 пунктунда белгиленген шарттар боюнча окуу үчүн төлөмгө 30%га чейин жеңилдик берилиши мүмкүн.

**3. Социалдык колдоо көрсөтүүнүн тартиби.**

3.1. Жеңилдик берүү боюнча чечим ОТКнын отурумунда каралат.
3.2. Жеңилдик берүүдө төмөнкү документтер талап кылынат:

3.1.1 Тоголок жетимдер жана ата-энесинин камкордугусуз калган студенттер төмөндөгүдөй документтерди камсыздайт;

- Колледждин директорунун атына жазылган арыз;
- Туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- Ата-энесинин каза болгондугу тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү;
- Камкордук жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү(эгерде камкорчу бар болсо):

3.2.2 1 жана 2-топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерге төмөндөгүдөй документтер талап кылынат:

- Колледждин директорунун атына жазылган арыз;
- Эмгекке жараксыздыгын аныктоочу МСЭКтин корутундусунун көчүрмөсү:
- Пенсиялык күбөлүктүн көчүрмөсү;
- Үй-бүлөлүк курамы тууралуу жана ата-энесининин, камкорчунун кирешеси жөнүндө справка:

3.3.3 Ата-энеси колледждин штаттык кызматкери болгон студенттерге төмөндөгүдөй документтер талап кылынат:

- Колледждин директорунун атына жазылган арыз;
- Студенттин туулгандыгы тууралуу күбөлүгү, паспорту;
- Ата-энесинин никелешүү туралуу күбөлүгү;
- Ата-энеси колледждин штаттык кызматкерин тастыктаган кадрлар бөлүмүнөн справка;

3.3.4 Үй-бүлөлүү студент (аялы жана күйөсү) болуп , экөө тең келишимдик негизде окуса төмөндөгүдөй документтер талап кылынат:

- Колледждин директорунун атына жазылган арыз;
- Студенттердин паспорттору паспортору;
- Никелешүү туралуу күбөлүгү
- Үй-бүлөлүк курамы тууралуу жөнүндө справка;

3.3.5 Шаардык, облустук деңгээлдеги спорттук мелдештерге НМКнын атынан активдүү катышкан спортчу студенттерге талап кылынуучу документтер:

- Дене тарбия жетекчисинин сунушу;
- ОТКнын чечими (протоколу);
- Грамота (көчүрмөлөрү), сыйлыктары;